КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
КЕҢ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕН-ТАЛААСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

## Кең-Талаа айылдык кеңешинин

## Т О К Т О М

**29- апрель 2026-жыл № 18** **Бешкент айылы**

**Айыл чарба багытындагы жерлерди ,Калктуу конуштар жерлери багытына которуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 11-беренесине ылайык, Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Кайрагач айылындагы № 1112- контурдан 0,15 га жердин,Андархам айылынын Шахмур участкасынан № 892-контурдан 0,04 га. Бешкент айылынын Шоро участкасынан № 1009-контурунан 0,04 га, Актам участкасынан № 892-контурунан 0,04 га жерлердин багытын өзгөртүү жөнүндөгү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн сунуш катын угуп жана талкуулап Кең-Талаа айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Кайрагач айылындагы № 1112- контурдан 0,15га жерди кичи футбол аянтчасын куруу үчүн, Андархам айылынын Шахмур участкас ынын № 892-контурунан 0.04 га, Бешкент айылынын Актам участкасынын № 892-контурунан 0,04 га,Бешкент айылынын Шоро участкасынын № 1009-контурунан 0.04 га жайыт жер тилкелерине мечит куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы" жерлерди,"Калктуу конуштардын жерлери" багытына которууга макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш-кагаздарын Кыргыз Республикасынын нормативдик-укуктук актыларына ылайык жүргүзүү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай боюнча адиси Ж.Бекботоевго жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык Кеңешинин муниципиалдык менчик,айыл чарба жана жер боюнча туруктуу комиссиясына тапшы-рылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б .Жумабайев**